Бекитилди
Кыргыз Республикасынын
Социалдык фондунун
2023-жылдын 6-июнундагы №129
буйругу менен

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун иш-аракеттердин стратегиялык планын (ИСП) аткаруу боюнча Кыргыз Республикасында 2023-2025-жж. коррупцияга каршы саясатты ишке ашыруу боюнча Маалымат 2024-жылдын I-кварталына***

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Стратегиялык көрсөткүч:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун ишинде коррупциялык практикаларды алдын алуу<br>**2026-жылга карата максаттуу индикаторлор:**<br>- 2022-жылдын деңгээлине карата калктын ишеним деңгээлин жогорулатуу;<br>- 2022-жылдын деңгээлине карата Социалдык фонд үчүн «аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында коррупциянын деңгээли жөнүндө жеке түшүнүк» индексин жогорулатуу;<br>**Ички контроль:** Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун коррупцияны алдын алуу боюнча ыйгарым укуктуу, төрага, коррупциянын алдын алуу боюнча комиссия, башкармалык, ИСП ишке ашырууга тартылган түзүмдүк, региондук жана ведомстволук бөлүмдөр<br>**Тышкы мониторинг:** АДК, коррупцияны алдын алуу боюнча мамлекеттик ыйгарым укуктуу орган, жарандык коом, бизнес ассоциациялар, мамлекеттик кызматтарды алуучулар | | | | | |
| **Стратегиялык максат** | **Коррупцияга каршы чара** | **Милдеттер** | **Иш-чара** | **Аткаруучу** | **Аткаруу жөнүндө маалымат** |
| **I. Тескеген чөйрөдө коррупциялык практикалардын себептерин табуу жана жоюу аркылуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун ишинде коррупциялык** | 1. иштелип жаткан ЧУА долбоорлоруна, мамлекеттик социалдык камсыздандыруу чөйрөсүндөгү башкаруучулук жана финансылык чечимдерге жана тескеген чөйрөдө колдонуудагы ченемдик укуктук актыларга коррупцияга каршы алдын ала экспертиза жүргүзүү | ЧУАда, башкаруучулук жана финансылык чечимдерде коррупциогендик ченемдерди жана механизмдерди табуу жана жоюу | Мамлекеттик органдын ишиндеги коррупциялык ченемдерди жана механизмдерди жокко чыгарган ЧУАга, башкаруу жана финансылык чечимдерге өзгөртүүлөрдү киргизүү | Юридикалык башкармалык,<br><br>региондук жана ведомстволук бөлүмдөр | Күтүлгөн натыйжа: ЧУАда коррупциогендик нормаларга жана механизмдерге жол бербөө жана алып салуу<br>Статусу: Аткарылды<br>Борбордук аппараттын деңгээлинде бардык иштелип чыккан жана макулдашууга түшкөн ЧУАнын 59 долбооруна жана ЛУА 20 долбооруна карата алдын ала коррупцияга каршы экспертиза жүргүзүлгөн.<br>Региондук жана ведомстволук бөлүмдөрдүн деңгээлинде ЛУАнын долбоорлоруна иштеп чыгуунун жана макулдашуунун жүрүшүндө туруктуу негизде коррупцияга каршы экспертиза жүргүзүлөт.<br>Коррупцияга каршы экспертиза жүргүзүү боюнча колдонмо Социалдык фонддун расмий сайтына жайгаштырылды. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **практикаларды алдын алуу** | 2. «Кыргыз почтасы» ААК почта байланыш бөлүмдөрү жана банк мекемелери аркылуу пенсия жана башка төлөмдөрдүн төлөнүшүн контролдоо деңгээлин жогорулатуу | Пенсиялык каражаттарды максаттуу пайдаланылышын контролдоо, пенсия жана башка төлөмдөрдү төлөөдө «Кыргыз почтасы» ААКтын байланыш бөлүмдөрү жана банк мекемелери тарабынан кетирилген тартип бузууларды аныктоо | Отчеттук жылга пенсия жана башка төлөмдөрдүн төлөнүшүнүн абалын текшерүүнүн биргелешкен планын бекитүү. «Кыргыз почтасы» ААКтын адистери менен бирдикте бекитилген графикке ылайык, ошондой эле тартип бузуу аныкталган учурда бекитилген пландан тышкары байланыш бөлүмдөрүнө текшерүү жүргүзүү | «Кыргыз почтасы» ААК, банк мекемелеринин байланыш бөлүмдөрү менен бирдикте региондук бөлүмдөр<br><br>Пенсия төлөө башкармалыгы<br><br>Финансылык эсепке алуу башкармалыгы | Күтүлгөн натыйжа 1: МСК каражаттарын максатсыз пайдаланууну алдын алуу, пайдаланылбаган пенсиялык каражаттарды өз убагында кайтарып берүү, аныкталган бузууларды четтетүү.<br>Статусу: аткарылды<br>Күтүлгөн натыйжа 2: туруктуу контролдоо жолу менен коррупциялык көрүнүштөрдү токтотуу .<br>Статусу: аткарылды<br>«Кыргыз почтасы» ААК жана ФКМ менен текшерүүлөрдүн биргелешкен пландары бардык 53 региондук бөлүмдөрдө түзүлгөн.<br>Пенсияларды, жөлөкпулдарди жана башка социалдык төлөмдөрдү төлөө зоналарында коррупциялык тобокелдиктин пайда болуу шарттарын жоюу максатында туруктуу контролду, иштин ачыктыгын, аракеттердин, анын ичинде жогору турган органдар менен макулдашылгандыгын, кызмат көрсөтүүлөрдү максималдуу деперсоналдаштырууну жана мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча укуктук мамилелерди жөнгө салуу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын сактоону камсыздоо боюнча талаптар милдеттүү.<br>Социалдык фонддун региондук башкармалыктары пенсия жана жөлөкпулдардын төлөнүшүнүн абалын контролдоо максатында, бекитилген пландарга ылайык финансы-кредиттик мекемелер (ФКМ) жана «Кыргыз почтасы» ААК менен биргелешкен текшерүүлөрдү жүргүзүүдө.<br>Пенсия, жөлөкпул жана башка социалдык төлөмдөрдү төлөөгө арналган Социалдык фонддун тиешелүү эсептериндеги калдыктарды аныктоо жолу менен, мамлекеттик социалдык камсыздандыруу каражаттарынын максаттуу пайдаланылышы «Кыргыз почтасы» ААК жана республиканын ФКМ филиалдары менен ар күнү контролго алынып турат.<br>Алуучуларга төлөнбөгөн (максаттуу пайдаланылбаган) пенсиялык каражаттар «Кыргыз почтасы» ААК жана ФКМменен ай сайын өз ара эсептешүүлөрдү салыштыруу актыларынын негизинде Социалдык фонддун эсептерине сөзсүз кайтарылууга тийиш. |
| | 3. Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу каражаттарынын максаттуу пайдаланылышын контролдоо | Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу каражаттарын максатсыз пайдаланылышын алдын алуу | 1. Социалдык фонддун ишине аудит жүргүзүү жана анын жыйынтыктарын Социалдык фонддун башкармасында кароо | Ички аудит башкармалыгы | Күтүлгөн натыйжа 1: МСК каражаттарын максатсыз пайдаланууну алдын алуу, пайдаланылбаган пенсиялык каражаттарды өз убагында кайтарып берүү, аныкталган бузууларды четтетүү.<br>Статусу: аткарылды<br>Күтүлгөн натыйжа 2: туруктуу контроль жүргүзүү жолу аркылуу коррупциялык көрүнүштөрдү токтотуу. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | Статусу: аткарылды<br>Текшерүүлөрдүн планы жана графиги Социалдык фонддун 2024-жылдын 24-январындагы № 20 буйругу менен бекитилди.<br>Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу каражаттарын максатсыз жана сарамжалсыз пайдаланууну алдын алуу, максаттуу багыты боюнча пайдаланылбаган каражаттарды кайтарып берүү максатында Социалдык фонддо дайыма ички аудит кызматы иштейт.<br>Ички аудит планга жана графикке ылайык жүргүзүлөт.<br>Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары Социалдык фонддун башкармасы тарабынан, анын ичинде жарым жылдын жана жылдын жыйынтыгы боюнча кеңейтилген отурумда каралат.<br>Жаңы чектелген пенсияларга карата аудит аудит үзгүлтүксүз байкоо жүргүзүү тартибинде, мурда чектелгендерге карата – ички аудит боюнча жетекчиликтин эл аралык стандарттарына ылайык тандап алуу менен жүргүзүлөт.<br>Отчеттук мезгилде 8 региондук башкармалыкта ички аудит жүргүзүлдү.<br>Ички аудиттин жүрүшүндө 2 078 967 сом суммасында финансылык тартип бузуулар аныкталып, 593 613 сом калыбына келтирилди, калдык – 1 485 354 сом.<br>Социалдык фонддун ишине Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан тышкы аудит жыл сайын жүргүзүлөт. |
| | | | 2. Социалдык фонд тарабынан пенсияларды, жөлөкпулдарды жана башка социалдык төлөмдөрдү төлөөгө багытталган каражаттардын жеткирилишин жана төлөнүшүн камсыздоо боюнча талаптардын сакталышына «Кыргыз почтасы» ААКтын ишин контролдоо жана текшерүү | Ички аудит башкармалыгы | Күтүлгөн натыйжа 1: МСК каражаттарын максатсыз пайдаланууну алдын алуу, пайдаланылбаган пенсиялык каражаттарды өз убагында кайтарып берүү, аныкталган бузууларды четтетүү.<br>Статусу: аткарылды<br>Күтүлгөн натыйжа 2: туруктуу контроль жүргүзүү жолу аркылуу коррупциялык көрүнүштөрдү токтотуу.<br>Статусу: аткарылды<br>«Кыргыз почтасы» ААК филиалдарынын кассаларында төлөнгөн пенсиялардын суммасы жана пенсиялык каражаттардын калдыгы менен, Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу каражаттарынын максаттуу пайдаланылышына «Кыргыз почтасы» ААК байланыш филиалдары тарабынан пенсия төлөө үчүн арналган Социалдык фонддун региондук башкармалыктарынын бөлүштүрүү эсептериндеги каражаттардын калдыктарын аныктоо жолу менен контроль жүргүзүлөт. Пайдаланылбаган каражаттар төлөө мөөнөтү аяктагандан кийин Социалдык фонддун эсебине кайтарылып берилет. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | Социалдык фонд «Кыргыз почтасы» ААКтын филиалдары менен 2022-жылдын 22-февралындагы №Д-28/40-22 пенсияларды, пенсиялык топтоолорду жана башка социалдык төлөмдөрдү төлөөгө Келишимдин (мындан ары – Келишим) шарттарына ылайык, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 12-январындагы № 25 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин алдындагы «Кыргызпочтасы» мамлекеттик ишканасынын филиалдары тарабынан мамлекеттик социалдык камсыздандыруу каражаттарын максаттуу пайдаланышын Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун текшерүүсү боюнча методикалык көрсөтмөлөргө ылайык пенсия жана башка социалдык төлөмдөрдү төлөөнүн тууралыгын текшерүү боюнча иштерди жүргүзөт.<br>2023-жылдын I-IV кварталында «Кыргыз почтасы» ААК филиалдары тарабынан пенсиялык каражаттарды өз убагында кайтарбагандыгы жана максатсыз пайдалангандыгы үчүн 29823,12 сом суммасында туумдар жана айыптар эсептелген.<br>Эсептелген туумдар 2024-жылдын I кварталында «Кыргыз почтасы» ААКтын пенсия жана башка социалдык төлөмдөрдү төлөө боюнча көрсөткөн кызматтары үчүн каржылоону азайтуу жолу менен кармалган. |
| | | | 3. Республиканын финансы-кредиттик мекемелеринин мамлекеттик социалдык камсыздандыруу каражаттарын максаттуу пайдаланышын контролдоо | Ички аудит башкармалыгы<br><br>Пенсия төлөө башкармалыгы | Күтүлгөн натыйжа 1: МСК каражаттарын максатсыз пайдалануунун алдын алуу, пайдаланылбаган пенсиялык каражаттарды өз убагында кайтарып берүү, аныкталган бузууларды четтетүү.<br>Статусу: аткарылды<br>Күтүлгөн натыйжа 2: туруктуу контроль жүргүзүү жолу аркылуу коррупциялык көрүнүштөрдү токтотуу.<br>Статусу: аткарылды<br>ФКМдин мамлекеттик социалдык камсыздандыруу каражаттарынын максаттуу пайдаланылышын контролдоо Социалдык фонд менен коммерциялык банктардын ортосунда кол коюлган келишимдердин негизинде жүзөгө ашырылат. Бүгүнкү күндө Социалдык фонд республиканын 18 коммерциялык банкы менен кызматташат. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | Контроль Социалдык фонддун региондук башкармалыктарынын пенсия жана башка төлөмдөрдү төлөөгө арналган транзиттик эсептериндеги каражаттардын калдыктарын алуучулардын карт-эсептерине иш жүзүндө чегерилген каражаттардын суммасына, ошондой эле Социалдык фонд тарабынан пенсияларды төлөөгө багытталган ФКМдин эсептериндеги калдыктарына салыштыруу жолу менен жүзөгө ашырылат.<br>Алуучуларга төлөнбөгөн (максаттуу багыты боюнча пайдаланылбаган) пенсиялык каражаттар ФКМдер менен ай сайын салыштыруу актыларынын негизинде Социалдык фонддун эсебине сөзсүз кайтарылууга тийиш. ФКМ тарабынан финансылык тартипти бузууга жол берилген эмес. |
| | | | 4. Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык товарларды жеткирүү, жумуштарды аткаруу, кызматтарын көрсөтүүгө тапшырыктарды жайгаштырууну камсыздоо | Материалдык-техникалык камсыздоо бөлүмү,<br>сатып алуулар боюнча түзүлгөн комиссиялар | Күтүлгөн натыйжа 1: МСК каражаттарын максатсыз пайдаланууну алдын алуу, пайдаланылбаган пенсиялык каражаттарды өз убагында кайтарып берүү, аныкталган бузууларды четтетүү.<br>Статусу: аткарылды<br>МСКнын каражаттарын максатсыз пайдаланууну алдын алуу максатында Мамлекеттик сатып алуулар «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык гана ишке ашырылат.<br>Өткөрүлгөн конкурстар жана алардын жыйынтыктары жөнүндө маалымат мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын расмий сайтына жайгаштырылат. |
| **Кызмат алуучулар менен өз ара аракеттенүү формаларын автоматташтыруу аркылуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын** | Кардар багыты:<br>Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун кызматкерлеринин жана кызмат алуучулардын өз ара аракеттенүүсүндө адам факторун минималдаштыруу кызматтарды көрсөтүүдө жеке юридикалык жактар менен контактсыз өз ара аракеттенүүнү максималдуу камсыздоо | Өз ара аракеттенүүнүн ылдамдыгы, жөнөкөйлөштүрүү жана жеткиликтүүлүгү, өз ара аракеттенүүдө субъективдүүлүктү жокко чыгаруу, контактсыздык, өз ара аракеттенүүнүн алыстыгы аркылуу кызматтардын сервистүүлүгүн камсыз кылуу; | 1. Пенсия, жөлөкпул жана башка социалдык төлөмдөрдү төлөө боюнча иш процессин автоматташтырууну аяктоо | Санариптик өнүктүрүү башкармалыгы, пенсия төлөө башкармалыгы, региондук бөлүмдөр | Күтүлгөн натыйжа 1: калкка жана юридикалык жактарга мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүнүн сервистиги (жөнөкөйлөштүк, жеткиликтүүлүк, ыкчамдык, аралыктык жана контактсыздык).<br>Статусу: аткарылды<br>Күтүлгөн натыйжа 2: жеке жана юридикалык жактар менен контактсыз жана аралыктан өз ара аракеттенүүнү киргизүүнүн эсебинен коррупциогендик факторлорду жана тобокелдиктерди азайтуу.<br>Статусу: аткарылды<br>Калкка жана юридикалык жактарга мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүдө сервисттүүлүктү (жөнөкөйлүктү, жеткиликтүүлүктү, ыкчамдыкты, аралыкты жана контактсыздыкты) камсыздоо максатында Социалдык фонд тарабынан 2009-жылы мамлекеттик социалдык камсыздандыруунун бизнес-процесстерин толук автоматташтырууга өтүү процесси ишке киргизилген. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **сервистүүлүгүн камсыз кылуу** | | пенсия жана жөлөкпулдарды автоматташтырылган жеке жана юридикалык жактар менен контактсыз күндөлүк өз ара аракеттенүүнү камсыздоого багытталган Социалдык фонддун иш процесстерин автоматташтыруунун майнаптуулугун жакшыртуу жана жогорулатуу | | | Кызмат көрсөтүүлөрдү санариптештирүү боюнча жүргүзүлгөн иштердин натыйжасында азыркы учурда пенсия чектөө, кайра эсептөө жана төлөө автоматташтырылган шарттамда жүргүзүлүүдө. Бизнес-процесстерди автоматташтырууга жана ЧУАга тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүгө байланыштуу азыркы учурда пенсия чектөө жана төлөө тартиби кыйла жөнөкөйлөштүрүлгөн жана арыз ээлеринин милдеттүү түрдө катышуусун талап кылбайт.<br>Азыркы учурда республика боюнча пенсияларды автоматташтырылган шарттамда чектөөгө жана төлөөгө толук өтүү аяктады.<br>Азыркы учурда пенсия чектөөгө, кайра эсептөөгө жана төлөөгө талапкерлердин физикалык катышуусу минимумга же такыр талап кылынбайт.<br>Жүргүзүлүп жаткан пенсиялык системаны реформалоонун алкагында кызмат көрсөтүүлөр пенсия чектөө жана кайра эсептөө тартибин максималдуу жөнөкөйлөтүү жолу менен өркүндөтүлдү.<br>Пенсия чектөө тартибин жөнөкөйлөштүрүү арыз ээлеринен пенсия чектөө үчүн айрым документтерди жана маалыматтарды суроо-талаптарды алып салуу жолу менен жетишилди, пенсиянын биринчи камсыздандыруу бөлүгүн эсептөөсү жок чектөө каралууда. Тиешелүү мыйзам 2024-жылдын 1-июлунан тартып күчүнө киргизүү божомолдонууда.<br>КР Социалдык фондун башкаруунун маалыматтык системасын мындан ары өркүндөтүү максатында санариптик платформаны заманбап автоматташтырылган технологияларга негизделген жаңысына алмаштыруу процесси ишке киргизилди. Азыркы учурда Социалдык фонддун жаңы автоматташтырылган маалыматтык системасынын (АМС) техникалык тапшырмасын иштеп чыгууга жана бизнес аналитиканы жүргүзүүгө техникалык талаптар иштелип чыкты жана IT иштеп чыгуучу компаниялардын кызмат көрсөтүүлөрүнө мамлекеттик сатып алуулар даярдалууда. Жаңы АМС ишке киргизилиши менен пенсия төлөө жана социалдык камсыздандыруу чөйрөсүндө мамлекеттик кызмат көрсөтүүдө сервистүүлүк олуттуу өзгөрөт. |
| | | | 2. «Түндүк» ЭВӨС Социалдык фонддун электрондук кызмат көрсөтүүлөрүн камсыздоо | Санариптик өнүктүрүү башкармалыгы КР СФ БА түзүмдүк бөлүмдөрү менен биргеликте | Күтүлгөн натыйжа: «Түндүк» ЭВӨСтөн маалымат алуу:<br>- пенсия алуучу жөнүндө;<br>- МСК системасында камсыздандырылгандыгы жөнүндө;<br>- камсыздандырылган адамдын иштеген мезгили жөнүндө;<br>- камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчү жөнүндө;<br>- пенсионерлер боюнча статистика жөнүндө;<br>- камсыздандырылган адамдардын саны жөнүндө; |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | - камсыздандыруу төгүмдөрүн чегерүү жөнүндө;<br>- «Камсыздандырылган адамдын жеке кабинети»;<br>- чектелген пенсия жөнүндө;<br>- төлөнгөн пенсия жөнүндө;<br>- юридикалык жактар үчүн камсыздандыруу чегерүүлөрү, пенсия жана пенсиялык топтоолор жөнүндө.<br>Статусу: аткарылды<br>Коррупциогендик факторлорду жана тобокелдиктерди азайтуу мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө аралыктан жетүүнү камсыз кылуу, жеке жана юридикалык жактар менен контактсыз жана аралыктан өз ара аракеттенүүнү киргизүү, анын ичинде «Түндүк» ЭВӨС аркылуу төмөнкү маалыматтарды алууга мүмкүн болду:<br>- пенсия алуучу жөнүндө;<br>- МСК системасында камсыздандырылгандыгы жөнүндө;<br>- камсыздандырылган адамдын иштеген мезгили жөнүндө;<br>- камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчү жөнүндө;<br>- пенсионерлер боюнча статистика жөнүндө;<br>- камсыздандырылган адамдардын саны жөнүндө;<br>- камсыздандыруу төгүмдөрүн чегерүү жөнүндө;<br>- чектелген пенсия жөнүндө;<br>- төлөнгөн пенсия жөнүндө;<br>- юридикалык жактар үчүн камсыздандыруу чегерүүлөр, пенсия жана пенсиялык топтоолор жөнүндө.<br>«Камсыздандырылган адамдын жеке кабинети» тейлемеси «Түндүк» ЭВӨС жана Социалдык фонддун ведомстволук сайтында жеткиликтүү. |
| | | | 3. Ведомстволук сайтта Социалдык фонддун электрондук кызмат көрсөтүүлөрүнүн иштешин камсыз кылуу:<br>- келечектеги пенсияны алдын ала, болжолдуу эсептөө үчүн пенсия калькулятору;<br>- депозиттик аукциондор – катышуучуларды онлайн каттоо;<br>- кайрылуулар жана даттануулар; | Санариптик өнүктүрүү башкармалыгы КР СФ БА түзүмдүк бөлүмдөрү «КР СФ караштуу МТПФ» мекемеси менен биргеликте | Күтүлгөн натыйжа: ведомстволук сайттан төмөнкү кызматтарды алуу:<br>- пенсиялык калькулятор;<br>- депозиттик аукциондордо – катышуучуларды онлайн каттоо;<br>- арыздарды, кайрылууларды жана даттанууларды берүү;<br>- онлайн сервис «Чалуу-борбору»;<br>- «Камсыздандырылган адамдын өздүк кабинети»<br>Статусу: аткарылган<br>Ведомстволук сайттан төмөнкү кызматтарды алууга болот:<br>- пенсия калькулятору;<br>- депозиттик аукциондорго – катышуучуларды онлайн каттоо;<br>- арыздарды, кайрылууларды жана даттанууларды берүү;<br>- «Чалуу-борбору» онлайн тейлемеси;<br>- «Камсыздандырылган адамдын жеке кабинети» электрондук тейлемеси;<br>- 1202 кыска номерине «Чалуу-борбору» онлайн тейлемеси.<br>- кайрылуулар жана даттануулар. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | - онлайн сервис «Чалуу-борбору» 1202 кыска номерине;<br>- «Камсыздандырылган адамдын жеке кабинети» электрондук сервиси | | Ошондой эле даттануулар менен аралыктан help@sf.kg e-mail дарегине кайрылууга болот. |
| | | | 4. Кызматтарга аралыктан жетүү үчүн технологиялык жерлерде иш процессине интеграциялоо | Региондук бөлүмдөр, санариптик өнүктүрүү башкармалыгы | Күтүлгөн натыйжа: жеке жана юридикалык жактар менен контактсыз жана аралыктан өз ара аракеттенүүнү киргизүүнүн эсебинен коррупциогендик факторлорду жана тобокелдиктерди азайтуу<br>Статусу: аткарылды<br>Азыркы учурда бардык аймактык башкармалыктар зарыл болгон инфраструктура жана компьютердик оргтехника менен жабдылган. Аларды модернизациялоо жана техникалык колдоо дайыма жүргүзүлүп турат. Бардык аймактык бөлүмдөр интеграцияланган технологиялардын нормалдуу иштешин камсыздоо маселелерин чечүүчү квалификациялуу адистер менен камсыздалган. |
| | | | 5. Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу максаттары үчүн массив ээлери болуп саналган Социалдык фонддун, министрликтердин жана ведомстволордун маалымат базасын интеграциялоо | Жекече эсепке алуу башкармалыгы | Күтүлгөн натыйжа: жеке жана юридикалык жактар менен контактсыз жана аралыктан өз ара аракеттенүүнү киргизүүнүн эсебинен коррупциогендик факторлорду жана тобокелдиктерди азайтуу<br>Статусу: аткарылды<br>Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун маалымат базаларын министрликтердин жана ведомстволордун маалымат базаларына интеграциялоо максатында, мамлекеттик социалдык камсыздандыруу максаттары үчүн маалымат массивдерин кармаган бардык министрликтер жана ведомстволор менен тиешелүү техникалык макулдашуулар түзүлгөн.<br>Социалдык фонд, өз кезегинде, Социалдык фонддун маалыматтык системасынан, анын ичинде түзүлгөн макулдашуулардын негизинде жана «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын сактоо менен «Түндүк» ЭВӨС аркылуу өз ара аракеттенүүдө республиканын бардык ФКМдерине маалымат берет. |
| | | | 6. ФКМ аркылуу төлөө үлүшүн көбөйтүү | Пенсия төлөө башкармалыгы, региондук бөлүмдөр | Күтүлгөн натыйжа: жеке жана юридикалык жактар менен контактсыз жана аралыктан өз ара аракеттенүүнү киргизүүнүн эсебинен коррупциогендик факторлорду жана тобокелдиктерди азайтуу<br>Статусу: аткарылды<br>Кызмат көрсөтүүлөрдү деперсоналдаштыруунун алкагында пенсионерлердин максималдуу санын ыктыярдуу негизде |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | республиканын ФКМдерине пенсия алууга которуу боюнча иштер улантылууда (2024-жылдын 1-апрелине карата абал боюнча бардык төлөмдөрдүн 79% же 610 210 пенсионер ФКМге которулган). |
| | | | 7. Пенсия чектөө жана кайра эсептөө үчүн арыз ээлеринен талап кылынган документтердин санын кыскартуу максатында министрликтер жана ведомстволор менен акысыз маалымат алмашуу иштерин жүргүзүү | Пенсия чектөө жана кайра эсептөө башкармалыгы, региондук бөлүмдөр | Күтүлгөн натыйжа: жеке жана юридикалык жактар менен контактсыз жана аралыктан өз ара аракеттенүүнү киргизүүнүн эсебинен коррупциогендик факторлорду жана тобокелдиктерди азайтуу<br>Статусу: аткарылды<br>Пенсияны акысыз негизде чектөө жана кайра эсептөө үчүн арыз ээлеринен талап кылынган документтердин санын кыскартуу максатында министрликтер жана ведомстволор менен маалымат алмашуу жүргүзүлүүдө. |
| **Кадрларды сапаттуу тандоого жана жүрүм-турумунда шек туудурган моралдык-этикалык нормалары бар адамдарды ишке киргизбөөгө мүмкүндүк берген кадрлар менен иштөө системасынын иштешин камсыздоо** | Кадр фильтрин колдонуу: кызмат ордунан терс негиздер боюнча бошотулган, моралдык-этикалык жүрүм-туруму шек туудурган, коррупцияга аралашкан адамдарды жумушка алууну жокко чыгарган кадрларды тандоо,<br>эмгек акы төлөө шарттарын жакшыртуу аркылуу кызматкерлердин коррупциялык мотивациясын азайтуу | Коррупцияга каршы технологияларды колдонуу<br>кадр ишинде:<br>- бош кызмат орундарына тандоо жөнүндө кулактандырууларды жарыялоо;<br>- конкурстук тандоонун жүрүшүндө бош кызмат орундарына талапкерлердин компетенттүүлүгүн текшерүү;<br>- которуу жана орун алмаштыруу;<br>- ишин баалоо;<br>- кадрлар резервин киргизүү ж. б. | 1. Конкурстук негизде бош кызмат орундарына талапкерлерди тандоо боюнча ишти күчөтүү | Адам ресурстары менен иш алып баруу бөлүмү, ведомстволук жана региондук бөлүмдөр | Күтүлгөн натыйжа: жүрүм-турумдун моралдык-этикалык нормалары шек туудурган кадрлардын жоктугу, коррупциялык кызыкчылыкты минималдаштыруу, потенциалдуу коррупциялашкан кызматкерлерди тандоону алдын алуу<br>Статусу: аткарылды<br>Социалдык фондо бош кызмат орундарына талапкерлерди тандоо Социалдык фонддун башкармасынын 2015-жылдын 20-апрелиндеги № 52 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бош кызмат орундарына кабыл алуу үчүн талапкерлерди тандоо жөнүндө» жобого ылайык жүргүзүлөт.<br>Бул жобо Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун, анын региондук органдарынын жана ведомстволук мекемелеринин бош кызмат орундарын ээлөө үчүн административдик-башкаруу персоналы кызмат орундарына талапкерлерди тандоонун бирдиктүү тартибин аныктайт.<br>Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун, анын региондук органдарынын жана ведомстволук мекемелеринин бош кызмат орундарына талапкерлерди тандоо Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун төрагасынын буйругу менен түзүлгөн комиссия тарабынан жүргүзүлөт.<br>Бош кызмат орундарына кадрларды тандоо боюнча ишти күчөтүү үчүн комиссиянын курамына Социалдык фонддун коррупцияны алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу адам киргизилет.<br>Отчеттук кварталда Социалдык фонддо 4 конкурстук тандоо өткөрүлдү. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | Укук коргоо органдарынын маалыматтарынын жана сот актыларынын негизинде коррупция аныкталган учурда бош кызмат орундарын ээлөөгө талапкерлерди киргизбөө жана кызматкерлерди четтетүү каралган.<br>Түзүлгөн бош кызмат орундарын ээлөөгө конкурс өткөрүү жөнүндө кулактандыруулар Социалдык фонддун сайтына жайгаштырылат. |
| | | | 2. Коррупциялык байланыштардын пайда болушунун алдын алуу максатында кадрдык которууларды (ротацияларды) жүргүзүү | Адам ресурстары менен иш алып баруу бөлүмү, ведомстволук жана регионалдык бөлүмдөр | Күтүлгөн натыйжа: коррупциялык кызыкчылыкты минималдаштыруу, потенциалдуу коррупциялашкан кызматкерлерди тандоону алдын алуу<br>Статус: аткарылды<br>Социалдык фонддун кызматкерлери мамлекеттик кызматчы болуп саналбайт, ушуга байланыштуу Социалдык фонддун системасында «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган милдеттүү ротация жүргүзүлбөйт.<br>Бирок Социалдык фондо коррупциялык байланыштардын пайда болушунун алдын алуу максатында Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин талаптарын аткаруу менен жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун башкармасынын 2015-жылдын 20-апрелиндеги № 53 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун административдик-башкаруу персоналын которуу жана орун которуу тартиби жөнүндө жобого ылайык кадрдык которуу жана орун которуу практикасы киргизилген. Отчеттук мезгилде кызматкерлердин макулдугу менен 22 кадрдык которуу, орун которуу (ротациялоо) жүргүзүлдү. |
| | | | 3. КР СФ системасында кадрлар резервин киргизүү | Адам ресурстары менен иш алып баруу бөлүмү, | Күтүлгөн натыйжа: жүрүм-турумдун моралдык-этикалык нормалары шек туудурган кадрлардын жоктугу, коррупциялык кызыкчылыкты минималдаштыруу, потенциалдуу коррупциялашкан кызматкерлерди тандоону алдын алуу<br>Статусу: аткарылды<br>Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун башкармасынын 2010-жылдын 20-февралындагы № 29 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун ички кадрлар резервин түзүү жана иштөө тартиби жөнүндө» жобого ылайык, квалификациялык талаптарга жооп берген жогорку көрсөткүчтөр үчүн Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун кадрлар резервине отчеттук мезгилде конкурстук тандоонун жыйынтыгы боюнча 14 адам киргизилди, алардыничинен 3 адам жумушка орношту. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| | | | 4. Терс себептер боюнча кызматтан бошотулган КР Социалдык фондунун кызматкерлеринин бирдиктүү реестрин жүргүзүү | Адам ресурстары менен иш алып баруу бөлүмү, | Күтүлгөн натыйжа: жүрүм-турумдун моралдык-этикалык нормалары шек туудурган кадрлардын жоктугу, коррупциялык кызыкчылыкты минималдаштыруу, потенциалдуу коррупциялашкан кызматкерлерди тандоону алдын алуу<br>Статусу: аткарылды<br>Социалдык фонддун терс негиздер боюнча кызмат ордунан бошотулган кызматкерлерин эсепке алуу Социалдык фонддун башкармасынын 2018-жылдын 28-майындагы № 45 токтому менен бекитилген Терс негиздер боюнча кызмат ордунан бошотулган Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун кызматкерлеринин реестрин түзүү тартибине ылайык жүргүзүлөт.<br>Адам ресурстары менен иш алып баруу бөлүмү тарабынан Социалдык фонддун терс негиздер боюнча кызмат ордунан бошотулган кызматкерлеринин реестрин актуалдаштыруу боюнча иштер туруктуу негизде жүргүзүлүүдө.<br>Отчеттук мезгилде Социалдык фонддун терс негиздер боюнча кызмат ордунан бошотулган кызматкерлери жок. |
| | | | 5. Этикалык жүрүм-турумдун, корпоративдик маданияттын сакталышын камсыздоо | Адам ресурстары менен иш алып баруу бөлүмү, ведомстволук жана аймактык бөлүнүштөр, этика боюнча комиссиялар | Күтүлгөн натыйжа: жүрүм-турумдун моралдык-этикалык нормалары шек туудурган кадрлардын жоктугу, коррупциялык кызыкчылыкты минималдаштыруу, потенциалдуу коррупциялашкан кызматкерлерди тандоону алдын алуу<br>Статусу: аткарылды<br>Жүрүм-турумдун этикалык ченемдерин сактоону камсыздоо максатында Социалдык фонддо кызматкерлердин жүрүм-турумунун этикалык стандарттары киргизилип, Борбордук аппаратта жана региондук бөлүмдөрдө этика боюнча комиссиялар түзүлгөн.<br>Адам ресурстары менен иш алып баруу бөлүмү тарабынан Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун кызматкерлерине кесиптик этиканын ченемдерин кабыл алуу, этиканы сактоону камсыздоо боюнча иштер туруктуу негизде жүргүзүлүп турат.<br>Ведомстволук сайтта Социалдык фонддун кызматкерлеринин коррупцияга каршы жүрүм-туруму боюнча сунуштар жайгаштырылган, алар менен бардык кызматкерлер жекече таанышкан. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | Отчеттук мезгилде Социалдык фонддун кызматкерлеринин этикага жатпаган жүрүм-турум фактылары жөнүндө арыздар келип түшкөн жок. |
| | | | 6. Коррупцияда кармалган адамдарды ээлеген кызматынан четтетүү (соттун чечиминин жана/же укук коргоо органдарынын аракеттеринин негизинде) | Адам ресурстары менен иш алып баруу бөлүмү, юридикалык башкармалык | Күтүлгөн натыйжа: жүрүм-турумдун моралдык-этикалык нормалары шек туудурган кадрлардын жоктугу, коррупциялык кызыкчылыкты минималдаштыруу, потенциалдуу коррупциялашкан кызматкерлерди тандоону алдын алуу<br>Статусу: аткарылды<br>Отчеттук жылда коррупцияга аралашкан адамдарды ээлеген кызматынан четтетүү фактылары (соттун чечиминин жана/же укук коргоо органдарынын аракеттеринин негизинде) болгон жок. |
| | | | 7. Эмгек акы төлөө шарттарын жакшыртуу | Административдик чыгымдарды пландоо жана эсепке алуу бөлүмү, бюджет башкармалыгы | Күтүлгөн натыйжа: кызматкерлердин финансылык муктаждыгын азайтуу жолу менен коррупциянын пайда болуу тобокелдиктеринин деңгээлин төмөндөтүү<br>Статусу: аткарылууда |
| **Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун ишинин транспаренттүүлүгүн (ачыктыгын) камсыздоо** | Стейкхолдерлерди башкарууга (мамлекет, жалдоочулар, профсоюздар, пенсиялык камсыздоо жана саламаттык сактоо бөлүгүндө жарандардын кызыкчылыктарын билдирген коомдук бирикмелер жана уюмдар) контролдоо жана катышуу үчүн шарттарды түзүү максатында Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун ишинин ачыктыгы, айкындыгы. | Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу системасынын камсыздандыруучунун ишинин ачык-айкындыгын жана системанын өз алдынча башкаруусуна жетүүсүн камсыздоого мүмкүндүк берген шарттарда иштеши (корпоративдик башкаруу) | 1. Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу системасын корпоративдик башкарууну камсыздоо | Мамлекеттик социалдык камсыздандыруунун башкаруу боюнча байкоочу кеңеш, Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду, стейкхолдерлер | Күтүлгөн натыйжа 1: Социалдык фонддун ишинин транспаренттүүлүгү<br>Күтүлгөн натыйжа 2: мамлекеттик социалдык камсыздандыруу системасын башкарууга стейкхолдерлердин жеткиликтүүлүгү<br>Статусу: аткарылды:<br>«Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык<br>Мамлекеттик социалдык камсыздандырууну өз алдынча башкаруу органы социалдык камсыздандыруу системасында өздөрүнүн таламдарын билдиришкен жактын ар биринин (мамлекет, жумуш берүүчүлөр, кесиптик бирликтер, жарандардын пенсия менен камсыз болуу жана саламаттык сактоо жагындагы таламдарын билдиришкен коомдук бирикмелер менен уюмдар) тең укуктуу катышуу принциби боюнча түзүлгөн Мамлекеттик социалдык камсыздандырууну башкаруу боюнча байкоочу кеңеш болуп эсептелет.<br>Мамлекеттик социалдык камсыздандырууну башкаруу боюнча байкоочу кеңеш социалдык камсыздандыруунун макулдашылган саясатын иштеп чыгууну, ошондой эле социалдык камсыздандыруу системасынын катышуучуларынын финансылык жана |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | укуктук аудитин жүзөгө ашырат; ченемдик укуктук базаны даярдоо боюнча ишти координациялайт; мамлекеттик социалдык камсыздандыруу салымдарынын тарифтери жана бюджети боюнча сунуштарды даярдайт.<br>Системанын Мамлекеттик социалдык камсыздандырууну башкаруу боюнча байкоочу кеңешке кирген катышуучуларынын функциялары мамлекеттик социалдык камсыздандыруудагы алардын ролу менен аныкталат.<br>Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 254 токтому менен бекитилген Мамлекеттик социалдык камсыздандырууну башкаруу боюнча байкоочу кеңеш жөнүндө жобого ылайык, Кеңеш кабыл алган чечимдер жана сунуштамалар мамлекеттик социалдык камсыздандыруу системасынын бардык катышуучуларынын аткаруусу үчүн милдеттүү болуп эсептелет. Кеңештин отурумдары зарылдыгына жараша, бирок жылына төрт жолудан кем эмес өткөрүлөт.<br>«Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча пособиелерди жана компенсацияларды туура эсептөөгө жана өз убагында төлөөгө контролдукту камсыз кылуу үчүн камсыздандыруу тарабынан жумуш берүүчүнүн кесиптик бирлик комитетинин жана эмгек жамаатынын өкүлдөрүнөн социалдык камсыздандыруу боюнча комиссия түзүлөт же социалдык камсыздандыруу боюнча полномочиелүү адам шайланат.<br>Комиссия же социалдык камсыздандыруу боюнча ыйгарым укуктуу адам камсыздандырылган адамдар менен камсыздандырылуучулардын ортосундагы талаштарды да карайт.<br>Камсыздандырылган адамдардын мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча пособиелер жана компенсациялар менен камсыз болуу укугун ишке ашыруу үчүн коомдук контролдук кесиптик бирлик же болбосо камсыздандырылган адамдар тарабынан өкүлчүлүктүү органдарга атайын полномочие берген адамдар тарабынан жүзөгө ашырылат. |
| | | | 2. ММК, тегерек столдор аркылуу Социалдык фонддун ишин чагылдыруу боюнча иш-чараларды өткөрүү, калк арасында | Басма сөз кызматы, түзүмдүк, ведомстволук жана региондук бөлүмдөр, | Күтүлгөн натыйжа:Социалдык фонддун ишинин транспаренттүүлүгү<br>Статусу: аткарылды<br>Социалдык фонддун ведомстволук сайтында ишмердүүлүк, жүргүзүлүп жаткан иштердин жыйынтыгы, мыйзамдагы өзгөртүүлөр, жүргүзүлүп жаткан иш-чаралар, иштин |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, коррупциялык кылмыштарда кармалган Социалдык фонддун кызматкерлерин кызматтан бошотуунун негиздери жөнүндө маалыматтарды жарыялоо | коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу | жыйынтыктары, түшүндүрүү мүнөзүндөгү маалыматтар жөнүндө ж. б. маалыматтар жайгаштырылган.<br>Окуу борборунун базасында пенсиялык камсыздоо жана мамлекеттик социалдык камсыздандыруу чөйрөсүндө сабаттуулукту жана маалымдуулукту жогорулатуу боюнча маалыматтык-түшүндүрүү иш-чаралары үзгүлтүксүз өткөрүлүп турат.<br>Мында Социалдык фонддун кызматкерлеринин, калктын арасында, окуу жайларда, мамлекеттик органдарда жана башка уюмдарда, ишкерлердин жана алардын бирикмелеринин арасында окутуучу Социалдык фонддун Окуу борборунун программасына жыл сайын милдеттүү түрдө коррупцияга каршы окутуу жана коррупцияга каршы үгүттөө боюнча семинарлар киргизилет.<br><br>Отчеттук мезгилде маалыматтык-түшүндүрүү кампаниясын ишке ашыруунун алкагында төмөнкү маселелер козголду:<br>* «Сенин келечектеги пенсияң сенден көз каранды! Аны татыктуу аткар!» принцибине негизделген компаниянын глобалдык максаты – жаштарда жаңы «пенсия маданиятын» калыптандыруу, келечектеги пенсияны түзүүгө кызыктыруу.<br>* мамлекеттик социалдык жана пенсиялык камсыздоонун ишенимдүүлүгүнө жаштардын ишенимин жогорулатуу;<br>* ар бир адамдын келечектеги пенсиялык камсыздоосу үчүн жеке жоопкерчилигин түшүнүүнү калыптандыруу;<br>* кошумча пенсиялык топтоолорду түзүү жана эрте куракта пенсия алуу үчүн кайрылуу аркылуу пенсияларды жогорулатуу боюнча жеке демилгелерди стимулдаштыруу;<br>* жаштарды келечектеги пенсиялык укуктары, социалдык төлөмдөргө жана жөлөкпулдарга болгон укуктары жөнүндө маалымдоо;<br>* пенсиянын топтомо бөлүгүн түзүү жана башкаруу мүмкүнчүлүктөрү, пенсиялык топтоолорду сабаттуу башкаруунун артыкчылыктары жөнүндө түшүндүрүү.<br>Отчеттук мезгилде министрликтердин жана ведомстволордун, уюмдардын, ошондой эле Бишкек шаарынын орто мектептеринин эмгек жамааттарына жана жогорку жана орто кесиптик окуу жайларынын студенттерине лекциялар окулду, тематикалык буклеттер, таркатма материалдар таратылды, анда негизинен жарандардын пенсиялык камсыздоого болгон укугу чагылдырылган.<br>Окууга тартылган катышуучулардын жалпы саны 4696 адамды түздү. Алардын ичинен: студенттер жана окутуучулар - 1346; |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | уюмдардын жана ишканалардын кызматкерлери - 1322; орто билим берүүчү мектептерде угуучулар – 1406; министрликтер менен ведомстволордо угуучулар – 607; саламаттык сактоо системасындагылар – 15.<br>Мындай жолугушуулардын жыйынтыгы боюнча жарандар өздөрүнүн суроолоруна толук жана ишенимдүү жоопторду алышат. Жүргүзүлгөн маалыматтык-түшүндүрүү иш-чараларынын жыйынтыгы Социалдык фонддун «Facebook», Telegram, Instagram баракчаларына, расмий сайтына жайгаштырылды.<br>Коррупцияга каршы үгүттөө максатында семинарлар, лекциялар жана конференциялар бекитилген региондук коррупцияга каршы пландарга ылайык Социалдык фонддун региондук башкармалыктары тарабынан үзгүлтүксүз өткөрүлүп турат.<br>Отчеттук мезгилде бардыгы – 2718 кайрылуу каралган, алардын ичинен:<br>* жазуу жүзүндөгү кайрылуулар – 115;<br>* оозеки кайрылуулар – 336;<br>* КР СФ жетекчилигинин жарандарды кабыл алуусу – 37;<br>* ишеним телефону арыклуу – 1440;<br>* уюлдук ишеним телефону аркылуу – 790.<br>Жарандардын жазуу жүзүндөгү (электрондук, оозеки) кайрылууларынын тематикалары боюнча төмөнкү багыттарды бөлүп кароого болот:<br>* пенсия көбөйтүү жана жогорулатуу жөнүндө;<br>* социалдык камсыздандыруу маселелери боюнча,<br>* пенсияларды индексациялоо жөнүндө,<br>* пенсия алуу укугу жөнүндө;<br>* пенсия чектөө, төлөө жана эсептөөнүн тууралыгы жөнүндө;<br>* пенсияны кайра эсептөө жөнүндө;<br>* жарандарга жана иштеп жаткан пенсионерлерге, ошондой эле республиканын чегинен тышкары туруктуу жашоого кетип жаткан адамдарга Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун (МПТФ) каражаттарын төлөө тартиби жөнүндө.<br>* КР СФ ишине тиешелүү башка маселелер.<br>Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жана пенсиялык камсыздоо маселелери боюнча келип түшкөн бардык суроолорго кыргыз жана орус тилдеринде толук түшүндүрмөлөр берилет.<br>Социалдык фонддун иши күн сайын ЖМК, анын ичинде төмөнкү Социалдык фонддун соцтармактарынын сайттары аркылуу чагылдырылат:<br>http://socfond.kg/kg/ |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | https://www.facebook.com/profile.php?id=100008384018333<br>https://www.facebook.com/socfondKG/<br>https://www.instagram.com/socfond_kg/<br>https://twitter.com/SocFondKG<br>https://www.youtube.com/channel/UC-ImaOEAlKEeQCqxYzvPNQ<br>https://ok.ru/profile/564665816463<br>https://ok.ru/socfondkg<br>https://web.telegram.org/a/#-1001509442568<br><br>Ар бир СФРБ имаратында коррупцияга каршы маалымат, үгүт плакаттары, коррупциялык жүрүм-турум пайда болгон учурда байланыш маалыматтары бар стенддер орнотулган.<br>СФРБ имараттарынын фойесинде жарандардан арыздарды кабыл алуу үчүн ящиктер орнотулган.<br>БА жана ар бир СФРБ жетекчилиги тарабынан жарандарды кабыл алуу жүргүзүлөт;<br>1202 кыска номери менен ишеним телефондору, чалуу-борбору, e-mail: help@sf.kg күнү-түнү иштейт. |
| | | | 3. Маалыматка жетүү, купуя маалыматты жана жеке мүнөздөгү маалыматты коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык жарандар жана уюмдар үчүн Социалдык фонддун карамагында турган маалыматтарга жетүүнү камсыздоо | түзүмдүк, ведомстволук жана региондук бөлүмдөр | Күтүлгөн натыйжа: Социалдык фонддун ишинин транспаренттүүлүгү.<br>Статусу: аткарылды<br>Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралы № 85 «Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин (тизмегин) бекитүү жөнүндө» токтому менен бекитилген Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрине (тизмеги) ылайык Социалдык фонд тарабынан ал ээси болуп эсептелген маалыматтарды жана дайындарды берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр жүзөгө ашырылат.<br>«Милдеттүү мамлекеттик социалдык камсыздандыруу максатында Кыргыз Республикасынын жарандарын жекече (индивидуалдык) эсепке алуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык жарандардын жеке камсыздандыруу эсебинде камтылган маалыматтар купуя болуп саналат. Ушуга байланыштуу мындай маалыматтарды берүү купуялуулук шарттамын жана «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын сактоо менен ишке ашырылат. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | Социалдык Фонддун ведомстволук сайтында туруктуу негизде (socfond.kg) Социалдык фонддун ишинин айкындуулугун камсыздоо максатында коомдук талкуулоо үчүн мамлекеттик социалдык камсыздандыруу системасындагы укуктук мамилелерди жөнгө салууга багытталган жана анын саясатын аныктаган ЧУА долбоорлору жайгаштырылат. |
| | | | 4. Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду иштеп чыккан ЧУА долбоорлорун Мамлекеттик социалдык камсыздандырууну башкаруу боюнча Байкоочу кеңештин кароосуна киргизүү жана коомдук талкуулоо үчүн кеңири жана ачык жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу | ЧУА долбоорлорун иштеп чыгуу үчүн жоопту түзүмдүк бөлүмдөр | Күтүлгөн натыйжа: Социалдык фонддун ишинин транспаренттүүлүгү<br>Статусу: аткарылды<br>Отчеттук мезгилде Байкоочу кеңештин отурумунда Социалдык фонддун 2023-жылга бюджетинин аткарылышы боюнча отчету каралды. |
| **Коррупциянын мониторинги** | Коррупцияга каршы иш-чараларды ишке ашыруунун системалуулугу, коррупциялык тобокелдиктерди талдоо, коррупцияга каршы иш-чараларды инвентаризациялоо, коррупциялык көрүнүштөргө реакция жана алардын алдын алуу | Коррупциялык тобокелдиктерди аныктоо жана алдын алуу | 1. Коррупцияга каршы пландык иш-чаралардын аткарылышын контролдоо | Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун төрагасы, коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу, түзүмдүк, ведомстволук жана региондук бөлүмдөрдүн башчылары | Күтүлгөн натыйжа: коррупциялык практикалардын алдын алуу жана майнаптуу күрөшүү<br>Социалдык фонддун 2022-жылдын 3-февралындагы № 29 буйругуна ылайык Социалдык фонддун региондук бөлүмдөрүндө коррупцияга каршы жана коррупциялык жүрүм-турум белгилеринин алдын алуу иштери, коррупциялык фактылардын көрүнүшү үчүн жеке жоопкерчиликти алардын начальниктери тартат.<br>Коррупцияга каршы иш-чараларды ишке ашыруу үчүн жооптуу түзүмдүк жана региондук башкармалыктар жасалган иштер жана аткарылган иш-чаралар жөнүндө туруктуу (кварталдык) негизде отчетторду берип турушат.<br>Отчеттук мезгилде бардык 53 региондук башкармалыктар тарабынан 2024-жылга карата ички ведомстволук коррупцияга каршы пландар бекитилген. Бардык 53 региондук башкармалыктар белгиленген мөөнөттө жүргүзүлгөн иш-чаралар жөнүндө, коррупциялык көрүнүштөргө шектенүүнүн аныкталган учурлары жөнүндө, коррупциялык көрүнүштөргө реакция жөнүндө маалыматтарды көрсөтүү менен коррупциянын алдын |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | алуу алкагында аткарылып жаткан иштер жөнүндө отчет беришет.<br>Отчеттук мезгилде региондук бөлүмдөрдө коррупция көрүнүшүнүн бышыкталган фактылары табылган жок. |
| | | | 2. Коррупциогендик зоналарды табуу жана коррупциялык тобокелдиктерди жокко чыгаруу үчүн жумушчу процесстерди (жол-жоболорду) талдоо | Жооптуу түзүмдүк, ведомстволук жана региондук бөлүмдөр, коррупциянын алдын алуу боюнча ыйгарым укуктуу, коррупциянын алдын алуу боюнча комиссия | Социалдык фонддун бардык жооптуу жана кызмат адамдарынын функционалдык милдеттерин аткаруунун жүрүшүндө коррупциогендик зоналарды табуу жана жер-жерлерде коррупциялык тобокелдиктерди жоюу үчүн жумушчу процесстерге (жол-жоболорго) туруктуу негизде мониторинг жана талдоо жүргүзүлөт.<br>СФРБ имараттары мүмкүн болгон учурда «open space» тиби боюнча жабдылат, видеобайкоо орнотулат. СФРБ жарандардан арыздарды кабыл алуу үчүн ящиктер орнотулган, кайра байланыш үчүн маалым даректерди көрсөтүү менен коррупцияга каршы үгүт материалдары орнотулган. |
| | | | 3. Социалдык фонддун системасындагы коррупция жөнүндө маалыматтарды камтыган жарандардын жана уюмдардын кайрылууларын кароо | Коррупциянын алдын алуу боюнча комиссия, региондук бөлүмдөр, коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу, коомчулук менен иш алып баруу башкармалыгы | Отчеттук мезгилде кайрылуулар келип түшкөн жок. |
| | | | 4. Коррупциялык кылмыштардын белгилерин камтыган фактылар боюнча материалдарды укук коргоо органдарына өткөрүп берүү | Коррупциянын алдын алуу боюнча комиссия, региондук бөлүмдөр, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун төрагасы, коррупциянын алдын алуу боюнча ыйгарым укуктуу, юридикалык | Отчеттук мезгилде материалдар укук коргоо органдарына берилген жок. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | башкармалык, адам ресурстары менен иш алып баруу бөлүмү | |

**Кыскартуулардын тизмеси:**
КР СФ – Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду
МСК – мамлекеттик социалдык камсыздандыруу
БА – борбордук аппарат
КАЫУӨ – коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу
СФРБ – Социалдык фонддун райондук (шаардык) башкармалыктары
ФКМ – финансы-кредиттик мекемелер
ЧУА – ченемдик укуктук акты
ЛУА -локалдык укуктук акты
МТПФ – Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонду
МСК – Мамлекеттик салык кызматы
ЖАМК – Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы
ЮМ – Юстиция министрлиги
ММК – Милдеттүү медициналык камсыздандыруу
ВЭӨС – Ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасы
ТЖЖ – туруктуу жашаган жери.